# Англис тили усулдук бирикмесинин жарым жылдык отчёту 2021-2022-окуу жылы

2021-2022-окуу жылында англис тили усулдук бирикмесинде баардыгы болуп 17 мугалим эмгектенип жатат. Класс менен иштеген мугалимдер-8. Насаатчы мугалимдер-4. Жаш мугалимдердин саны- 5. Жаш мугалимдер менен атайы даярдалып, бекитилген тажрыйбалуу мугалимдер иш алып барышат. Бир жылга түзүлгөн иш план менен чогу, бирдиктүү иштеп жатышат. Өз ара сабактарга катышуу, иш кагаздары менен иштөө, ар тараптуу жардамдарды көрсөтүү ж.у.с.

Жаңы окуу жылына коюлган усулдук бирикменин максаты: мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жана компетентүүлүгүн жогорулатуу, заманбап колдонмолорду пайдалануу менен маалыматтык-комуникациялык технологиялардын иштешин камсыз кылуу.

Усулдук бирикменин милдеттери:

Жаңы материалдарды туура өздөштүрүү жана сабактын жаңы түрлөрүн колдоно билүү.

Окуучулардын көп түрдүү көндүмдөрүн ишке ашыруу.

Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу.

Жалпы усулдук бирикменин мугалимдери коюлган максаттын, пландалган иштердин үстүндө жогорку деңгээлде иштешүүдө.

Биринчи жарым жылдыкта жаңы окуу жылына календардык-тематикалык планды, жаңы окуу китебинин пайдаланууга киришине себептүү жаңылоо,тууралоо, кошумчалоо иштери жүргүзүлдү. Күнүмдүк иш планды жаңылоо жүргүзүлдү (шаардык билим берүү борборунун талабына ылайык), ал эми жаңы келген жаш мугалимдерге туура жазуу түрлөрү көрсөтүлдү.

Насаатчылар тарабынан жаш мугалдимдер менен иштөө пландары түзулүп, жаңыланып, толукталып, ар түрдүү иш чаралар өткөрүлүп жатат. Жаш мугалимдердин өткөрүлүп жаткан сабактары, иш кагаздары кандай деңгээлде жүргүзүлгөнү насаатчы тарабынан көзөмөлдөнүп жатат. Сабактарын анализдөө, даярдык көрүү, туура сабак өтүү, жумуш убагындагы тартип тууралуу дагы ар бир жаш мугалимге терең маалымат берилди.

Усулдук бирикмедеги мугалимдердин шаардык, райондук семинар-тренингдерге катышуусу:

“Лингва” семинар-тренинг – 72 саат, Кошумбаева Гулзаида, Оболбекова Жазгуль (сертификат)

“Аркус”семинар-тренинг “Жаңы окуу китебинин туура колдонулушу” -7-8- класстар:

Айтбаева К, Жумабаева Г. Ибраимова Ч, Жапарова А, Жамансариева Н.

“Аркус”- Окуу китебине жанаша иш дептерлердин колдонулушу-6-7-класстар

Айтбаева К, Ибраимова Ч, Жапарова А.

Англис тили сабагынан дептерлердин жалпы туура толтурулушу жана абалы- Айтбаева К.

Усулдук бирикменин башка мугалимдери жалпы бир жылга бөлүштүрүлгөн график менен баардык семинар-тренингдерге катышып турушат.

Сканировано с CamScanner

Планга ылайык 6-класстар арасындагы дептерлердин абалын, толтурулушун, туура текшерилишин көзөмөлдөө өткөрүлгөн. Жалпы жыйынтык

**Англис тил сабагынан 6-класстар арасында иш дептерлерди текшерүүнүн анализи**

| **класс** | **Класс жетекчи** | **Предметттик мугалим** | **Дептердин саны** | **Текшерилген дептердин санынын %** |
|---|---|---|---|---|
| 6-а | Жумабаева Г | Нургазиева Н<br>Жумабаева Г | 42 | 89% |
| 6-б | Кулукеева Б | Нургазиева Н<br>Жумабаева Г. | 45 | 85% |
| 6-в | Анарбекова Г | Жамансариева Н<br>Ибраимова Ч | 45 | 80% |
| 6-г | Бейшебаева А | Маратбек к. К<br>Кошумбаева Г | 42 | 85% |
| 6-д | Куренкеева Н | Омурканова А<br>Ибраимова Ч | 41 | 78% |
| 6-е | Нургазиева Н | Нургазиева Н<br>Жумабаева Н | 44 | 88% |
| 6-ж | Бузурманкул к.Н | Жамансариева Н<br>Ибраимова Ч | 40 | 95% |
| 6-з | Бейшебаева З | Нургазиева Н<br>Жумабаева Г | 45 | 92% |
| 6-и | Жусупова А | Нургазиева Н<br>Жумабаева Г | 44 | 91% |
| 6-к | Турдукулова З | Омурканова А<br>Жапарова А. | 33 | 88% |
| 6-л | Бараканова З | Омурканова А<br>Жапарова А | 32 | 98% |
| 6-м | Мурзаканова Ж | Омурканова А<br>Жумабаева Г | 32 | 90% |
| **12 класс** | **Жалпы :** | | | **88%** |

2021-2022- окуу жылындагы иш планга ылайык 6-класстар арасында дептер текшерүү пландалган. Жалпы 6-класстарда эки көнүгүү иш дептери, жазуу иштери үчүн бир дептер жана бир сөздүк дептери бар. Ал эми окуу китебине арналып, авторлор тарабынан иштелип жазылган иш дептери ар бир класста беш-он гана окуучуларда бар. Калган окуучулар жашоо шартына байланыштуу ала алышкан эмес. Дептерлер предметтик мугалимдер тарабынан өз убагында текшерилип, баалар коюлган. Мугалимдер дептердин толтурулушуна, таза, тыкан жазылышына жана акыбалына көңүл буруу менен иш алып барышат. Ошондой эле дептерин текшертпеген, өз убагында тапшырмаларын жазбаган окуучулар дагы жок эмес. Ар бир класста бир-экиден окуучулар бар. **Жалпы 6-класстар арасындагы дептерлердин абалы 88% түздү.**

**Онунчу класстар арасында мектеп ичиндеги билим кесилишин алууда 10-а, 10-б класстар**

Билим сапаты- 44%

Өздөшүүсү- 63%

Өздөшпөгөнү-21%

Сканировано с CamScanner

СОУ- 40% түздү

Жалпы 67-окуучу, жазбаганы-10 окуучу.

Сабак берүүчү мугалимдер Раимова Т, Жапарова А.

Келтирилген каталар: сөз түркүмдөрүнүн туура эмес колдонулушу, предлогдордун (орун,убакыт) туура эмес колдонулушу.

**Мектеп ичиндеги өткөрүлгөн олипиаданын жыйынтыгы боюнча: жалпы 21 окуучу катышкан**

8-класстар арасынан-3 окуучу

9-класстар арасынан-9-окуучу

10-класстар арасынан-4 окуучу

11- класстар арасынан-65 окуучу

Даярдалган тапшырмалар: угуп, айтуу үчүн (аудирование), сүйлөө үчүн бир нече текстер, грамматикалык тапшырмалар берилди. Ар бир тапшырма үчүн белгилүү бир убакыттар берилип, окуучулар кенен даярданууга убакыттар берилген.

Олимпиадалык топтун мүчөлөрү: Айтбаева К, Абдылдаева А, Жапарова А, Оболбекова Ж, Жумабаева Г.

Жыйынтыгында:

1-орун Султаналиева Айчүрөк-11-а класс

2-орун Табылдиева Айтилек -9-г класс

3-орун Нурхан уулу Рамадан -9-ж класс

Жеңиштүү орунга ээ болгон окуучулар менен топтун мүчөлөрү райондук олимпиадага даярдануу үчүн пландар түзүлүп, тиешелүү тапшырмаларды даярдап, окуучулар менен иш алып барып жатышат.

**6-класстар арасындагы райондук билим кесилишин алуу боюнча жыйынтык:**

Билим сапаты- 33.5%%

Өздөшүүсү- 71 %

Өздөшпөгөнү-23%

СОУ- 41 % түздү

Жалпы жазганы -485

Жазганы -461

Жазбаганы -24

Кетирилген каталар : Чактардын түрлөрүн туура колдонууда көпчүлүк каталар кетирилген

Жөнөкөй чактар, узартылган чактар, белгилүү жана белгисиз чактар.

Сканировано с CamScanner

**Экинчи жарым жылдык боюнча класстар арасындагы билим сапатынын жыйынтыктары:**

| № | класстар | Билим сапаты% | | СОУ | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1-чейрек | 2-чейрек | 1-чейрек | 2-чейрек |
| 1 | 3-кл | 66% | 64% | 60% | 61% |
| 2 | 4-кл | 50% | 52% | 58% | 57% |
| 3 | 5-кл | 57% | 52% | 58% | 58% |
| 4 | 6-кл | 60% | 64% | 59% | 64% |
| 5 | 7-кл | 57% | 54% | 58% | 59% |
| 6 | 8-кл | 65% | 64% | 65% | 66% |
| 7 | 9-кл | 71% | 66% | 66% | 67% |
| 8 | 10-кл | -- | 53% | -- | 53% |
| 9 | 11-кл | -- | 70% | -- | 71% |
| | **жалпы** | **61%** | **59%** | **60%** | **61%** |

**Биринчи чейрек боюнча билим сапаты-61%** **СОУ боюнча- 60%**

**Экинчи чейрек боюнча билим сапаты- 60%** **СОУ боюнча- 61%**

Бир жарым жылдыктагы айрыма 1% түздү.

Биринчи жарым жылдыкта англис тили усулдук бирикмесиндеги мугалимдер тарабынан сабактарга кечигүү, себепсиз сабактарды калтыруу, тартип бузуучулук болгон жок. Ар бир мугалим өз сабагын чоң жоопкерчилик, тийиштүү даярдык менен өтүп жатышты. Күнүмдүк сабактарга кирүүдө иш планын туура жазып, текшертип жана бекиттирип киришип жатышты.

**Усулдук бирикме жетекчиси :** **Айтбаева К.М**

Сканировано с CamScanner